**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ**

**БЕКИТЕМИН**
Педагогика факультетинин деканы
т.и.к, профессор м.а. Эсеналиева Г.О.__________
«__4__» __сентябрь__ 2025-ж.

# Бүтүрүүчүнүн компетенциялары — жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын (НББП) өздөштүрүүнүн жыйынтык натыйжасы

**Даярдоонун багыты:** **550700 – Педагогика**

**Даярдоонун профили: баштапгыч билим берүү, мектепке чейинки билим берүү**

**Академиялык даражасы:** **бакалавр**

**Окуунун мөөнөтү: күндүзгү: 4 жыл, сырттан окуу (формасы): 5 жыл**

**Нарын – 2025**

## ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББП АЯКТАГАНДА ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ

### 1.1. БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

**А) Универсалдык компетенциялар**

**Жалпы илимий компетенциялар (ЖК)**

- ЖК–1. Айлана-чөйрө жөнүндө илимий билимдерди сынчыл баалоого жана колдонууга жөндөмдүү, жашоонун жана маданияттын баалуулуктарына багыт ала алат, активдүү жарандык позицияны карманат, адамдарга урмат-сый жана толеранттуулукту көрсөтөт.

**Инструменталдык компетенциялар (ИК)**

- ИК–1. Мамлекеттик тилде, расмий тилде жана чет тилдердин биринде ишмердүүлүк жана билим алуу чөйрөсүндө ишкердик баарлашууну жүргүзө алат.
- ИК–2. Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана аларды ишмердүүлүк жана билим берүү тармагындагы татаал маселелерди чечүүдө колдонууга жөндөмдүү.
- ИК–3. Кесиптик ишмердүүлүгүндө ишкердик билимдерин жана көндүмдөрүн колдоно алат.

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИМК)**

- СИМК–1. Кесиптик ишмердүүлүктө жеке адамдардын же топтордун максаттарына жетишүүсүн камсыз кыла алат.






## 1.2. Б) Кесиптик компетенциялар (КК)

- **КК–1.** Кесиптик милдеттерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана алат.
- **КК–2.** Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдерди, методдорду, технологияларды жана окутуу ыкмаларын) билет жана билим берүүнүн сапатын баалоо технологияларын колдоно алат.
- **КК–3.** Туруктуу өнүгүү принциптерине ылайык (саламат жашоо образы, жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, энергияны үнөмдөө, маданий ар түрдүүлүк, гендердик теңчилик, инклюзия ж.б.) билим берүү процессинде оптималдуу педагогикалык шарттарды түзө алат. КСЕ, экология,
- **КК–4.** Билим алуучулардын социалдашуу методдорун жана ыкмаларын билет жана окуучулардын инсандык өз алдынча аныкталышына шарт түзө алат.
- **КК–5.** Билим берүү программаларын өз алдынча тандай алат, аларга дидактикалык материалдарды тандап алып, педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окуу процессинде колдонууга жөндөмдүү.
- **КК–6.** Предметтин (же предметтердин) өзгөчөлүктөрүн жана окуу программасынын темаларын эске алуу менен окуу сабактарын окуу планына ылайык пландай алат.
- **КК–7.** Кесиптик рефлексиянын негизинде өзүнүн өнүгүүсүнө багытталган милдеттерди коюуга жөндөмдүү.
- **КК–8.** Башталгыч мектепте билим берүү процессин уюштурууда жана ишке ашырууда заманбап методикаларды жана технологияларды колдоно алат.
- **КК–9.** Окуучулардын өнүгүү деңгээлин (акыл-эс, социалдык, моралдык ж.б.) аныктап диагностикалоого жана ар кандай терс көрүнүштөрдүн

(зомбулук, баңгизаттарды жана алкоголду колдонуу ж.б.) алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүүгө жөндөмдүү.

- **КК–10.** Билим алуучулар менен биргеликте жаңы долбоорлорду жана иш пландарын түзүүдө кызматташууга жөндөмдүү.
- **КК–11.** Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп жашындагы балдардын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык жана эстетикалык өнүгүүсү жөнүндө теориялык билимдерге ээ.
- **КК–12.** Башталгыч билим берүүнүн дисциплиналарынын теориялык негиздерин жана технологияларын колдоно алат, образдуу жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү ыкмаларын колдонуп, башталгыч класстын окуучуларынын предметтик билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандырат.
- **КК–13.** Балдардын өнүгүүсүндөгү ар кандай четтөөлөрдүн түзүмдөрү жөнүндө билимге ээ: интеллектуалдык жана психикалык өнүгүүнүн бузулуусу, сүйлөө, угуу жана көрүү кемчиликтери, кыймыл-аракет аппаратынын бузулуусу жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү.
- **КК–14.** Сүйлөө бузулуусу бар балдарды атайын жалпы билим берүү уюмдарында окуу предметтерине окутууда атайын методдорду жана ыкмаларды колдоно алат.
- **КК–15.** Психологиялык-педагогикалык диагностика жүргүзүүгө жана кеңеш берүүгө жөндөмдүү.
- КК–16. Угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын психофизикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын инсандык тарбиясы жана өнүгүүсү боюнча милдеттерди чече алат.
- КК–17. Вербалдык эмес атайын коммуникация каражаттарын колдоно алат.
- КК–18. Көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын психологиясынын мыйзам ченемдүүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдерди билим алуучулардын өз ара аракеттенүүсүн жана кызматташуусун уюштурууда колдоно алат.

### 1.3. ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар:

**Бакалавриаттын 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү профили боюнча НББПнын миссиясы** – республиканын социалдык экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо үчүн ылдам өзгөрүп жаткан дүйнөдө кесиптик ишмердүүлүк жүргүзүүгө жана коомдук адептик, маданий жана илимий баалуулуктарын илгерилетүүгө жөндөмдүү компетентүү адистерди даярдоо.


**Бакалавриаттын 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү профили боюнча НББПнын максаты** – башталгыч мектепте окутуу тарбиялоо процессин натыйжалуу уюштурууда заманбап технологияларына ээ адистерди даярдоо.

- Ишмердүүлүктө зарыл болгон инсандык жалпы маданий, кесиптик компетенцияларга ээ болгон;
- Азыркы заманбап технологияларды колдонууга жөндөмдүү;
- тез өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шарттарында натыйжалуу аракеттенүүгө жөндөмдүү башталгыч класстын адистерин даярдоо;

НББПсына кирүүчү дисциплиналардын (модулдардын) мазмунун талкуулоону кафедра жумуш берүүчүлөр, студенттер, ата-энелер ж.б. бардык кызыктар тараптардын катышуусу менен өткөрөт. Кызыкдар тараптардын сунуш-пикирлерине жараша, стандарттардын өзгөрүшүнө жараша НББП өзгөртүлүп, анын мазмунуна толуктоолор, кошумчалар киргизилип турат. Мисалы 2022 жылдагы бүтүрүүчүнүн моделине адистик кошумча компетенция кошулган:

**АКК-1** – Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, маданий жана илимий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү жөндөмүнө ээ, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманат; (Миссия)


**АКК-2** – Ылдам өзгөрүп жаткан коомдо кесиптик ишмердүүлүктү натыйжалуу жүргүзө алган, социалдык-экономикалык процесстерге активдүү катышкан, өз алдынча чечим кабыл алып, үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүүгө даяр, теорияны практика менен айкалыштырууга жөндөмдүү (дуалный)


Кесиптик компетенция
КК-1
КК-2
КК-3
КК-4
КК-5
кк-6
кк-7
кк-8
кк-9
кк-10
кк-11
кк-12
кк-13
кк-14
кк-15
КК-17
АКК-1
АКК-2

## 1.3. ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН ДАЛ КЕЛҮҮЧҮЛҮК ТАБЛИЦАСЫ

| № | Окутуунун натыйжалары | Калыптандыруучу компетенциялары |
|---|---|---|
| 1 | **ОН-1.** Студент айлана-чөйрө тууралуу илимий билимдерди сынчыл баалап колдоно алат, мамлекеттик, расмий жана (чет тилдерде ) баарлашып, маалыматтык технологиялар аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүп жана ишкердик көндүмдөрдү пайдаланып, жеке жана топтук ишмердүүлүктө коюлган максаттарга жетүүгө жөндөмдүү. | ЖК-1+ИК-1,+ИК-2+ИК-3+СИМК-1 |
| 2 | **ОН-2.** Студент психологиялык-педагогикалык билимдерге таянып кесиптик милдеттерди чече алат, окутуунун методдорун жана технологияларын натыйжалуу колдонуп, билим берүүнүн сапатын баалай алат жана окуу программасына ылайык сабактарды туура пландап уюштурууга жөндөмдүү. | КК-1+КК-2+КК-6 |
| 3 | **ОН-3.** Студент окутуунун методдорун, моделдерин жана технологияларын натыйжалуу колдонуп, билим берүүнүн сапатын баалай алат, окуу программасына ылайык сабактарды туура пландап, башталгыч мектепте билим берүү процессин заманбап методикалар жана технологиялар менен уюштурууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү. | КК-2+КК-6+КК-8 |
| 4 | **ОН-4.** Студент туруктуу өнүгүү принциптерине негизделген билим берүү чөйрөсүн түзө алат, кесиптик рефлексия аркылуу өзүнүн өнүгүүсүн пландайт жана билим алуучулар менен кызматташып, биргелешкен долбоорлорду жана иш пландарын иштеп чыгууга жөндөмдүү. | КК-3+КК-7+КК-10 |
| 5 | **ОН-5.** Билим алуучулардын социалдашуусун камсыз кылган методдорду колдоно алат, билим берүү программаларын жана дидактикалык материалдарды өз алдынча тандап, аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде натыйжалуу пайдаланат жана өзүнүн кесиптик өнүгүүсүн пландап, алдыга максаттарды коё алат. | КК-4+КК-5+КК-7 |
| 6 | **ОН-6.** Студент окуучулардын өнүгүү деңгээлин диагностикалап, терс көрүнүштөрдүн алдын алуу иштерин жүргүзө алат, балдардын ар тараптуу өнүгүүсү боюнча теориялык билимдерге ээ болуп, башталгыч билим берүүнүн мазмунуна ылайык окутуу технологияларын колдонууга жөндөмдүү. | КК-9+КК-11+КК-12 |

## 1.4. БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ




Документ 550700 – Педагогика даярдоо багытынынЖКББ МББСнын талаптарына ылайык ЖКББ ОУБнин сунуштарын эске алуу менен 550700 – Педагогика даярдоо багыты, педагогика жана башталгыч билим берүү профили боюнча түзүлгөн.

Автору(лору):
Бектурова Эмилия Орозобековна ____________________
(колу)

Асанкулова Мазира Көчөровна ____________________
(колу)

Документ педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын 2025-жылдын «3» 09 отурумунда № 2 протокол менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы: п.и.к.,доцент ____________________Бектурова Э.О.
( колу)